Жобо №3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмеде талкууланып бекитилди.

Макулдашылды
№3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто
мектебинин кесиптик бирлигинин
төрайымы: ________ Үркүнчиева.Г

Бекитемин:
№3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору:
________М.Кожошова «_02_»_09_20_22_ж

## №3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүү жөнүндө жобо

Бул жобо №3 Бейше Үрстөмбеков атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17- июнундагы №295 токтомуна, Билим берүү жана илим министирлигинин 2019-жылдын 31-июлундагы №928/1 буйругуна жана мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтомуна негиз түзүлдү.

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу, коопсуздукту аныктоо, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларын өз ара мамилелерин баалоо, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуу алуу үчүн мектептин коопсуздугу боюнча кеңеш иш жүргүзөт (мындан ары Кеңеш)

### 2. Кеңештин максаты жана милдеттери

2.1. Кеңештин максаты-билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыздоого көмөктөшүү.

2.2. Кеңештин милдеттери:

1) Мектеп жетекчилиги менен биргеликте мектептин коопсуздугун жакшыртуу максатында иш-мерчемдерди пландоо;
2) Кызыктар тараптардын билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча ой-пикирлерин кабыл алуу жана туура чечим чыгаруу;
3) Кеңештин ишинин жыйынтыктарын билим берүү процессинин катышуучуларына, кызыктар тараптарга маалымат берүү (мектеп жетекчилигинин макулдугу менен);
4) Кеңеш жалпы билим берүү уюмунун имараттарын тиешелүү техникалык, санитардык, өрткө каршы, экологиялык жана архитехтуралык-эстетикалык абалын баалайт, контролдойт, байкоо жана мониторинг жүргүзөт;
5) Окуу жабдуулары, спорттук жабдуулар окуучулардын бою, жашынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык келишин аныктайт, баалайт жана мониторинг жүргүзөт.